**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 5-сессиясы**

# ТОКТОМ №27

**26.03. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы “Чекелик” чек ара аскелеринин машыгуу өткөрүү үчүн жер аянтын ажыратып берүү жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги бешинчи сессиясына сунушталган,Чек ара кызматынын 2023 аскер бөлүгүнүн командири полковник М.Т.Исаковдун №47 сандуу катын айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимине негиз, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл аймагында жайгашкан “Чекелик” чек ара заставасынын өздүк курамынын күжүрмөн даярдыгын жогорку деңгээлде кармоо максатында ок атуу талаасына 6,0 га өлчөмүндөгү жер аянты мөөнөтсүз пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык бүтүрүү жагы, Исхак-Полотхан айыл өкмөт башчысы А.Мамасалиевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Г.Матажиев**